**ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА**
**ЭСПУМИЗАН® ТАМЧЫЛАРЫ**

**Соодадагы аталышы**
Эспумизан® тамчылары

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**

Симетикон

**Дарынын түрү**
Ичип кабыл алуу үчүн тамчылар, эмульсия

**Сүрөттөмөсү**
Бозомтук ак, бир аз илээшкек эмульсия
Бул дары каражаты үчүн суюктуктун акырындык менен саргарып кетиши мүнөздүү.

**Курамы**
1 мл ичүү үчүн эмульсия камтыйт:
*Таасир берүүчү зат*: 100 мг мг симетикон.
*Көмөкчү заттар:* макрогол стеараты, глицерин моностеараты 40-55, сорбин кислотасы (Е200), натрий гидроксиди (рН маанисин тууралоо үчүн) (Е524), натрий хлориди, карбомерлер, натрий цитраты (Е331), сукралоза (Е955), тазаланган суу.

**Фармадарылык тобу**
Тамак сиңирүү жолуна жана зат алмашууга таасир тийгизүүчү дары препараттары. Ашказан-ичеги жолундагы функционалдык бузулууларда дарылоо үчүн дары препараттары. Ичегидеги функционалдык бузулууларда дарылоо үчүн дары препараттары. Ичегидеги функционалдык бузулууларда дарылоо үчүн башка дары каражаттары. Силикондор.
**АТХ коду:** A03AX13.

**Фармакологиялык касиеттери**
*Фармакодинамикасы*
Эспумизан® тамчыларында таасир берүүчү зат катары симетикон – туруктуу үстүртөн активдүү полидиметилсилоксан бар. Анын таасири астында тамак тогологундагы жана тамак сиңирүү жолдорунун былжырындагы газ көбүкчөлөрүнүн үстүртөн тартылуусу өзгөрөт, анын натыйжасында алар ажырайт.

Мында бошонгон газдар ичеги керегеси тарабынан сиңирилет, ошондой эле анын жыйрылган кыймылында бөлүнүп чыгарылат.

Симетикондун физикалык деңгээлде таасир тийгизет жана химиялык же ферменттик реакцияларга катышпайт.

*Фармакокинетикасы*
Ичкенден кийин симетикон сиңирилбейт жана ашказан-ичеги жолдору аркылуу өткөндөн кийин өзгөрбөгөн түрдө бөлүнүп чыгарылат.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Өз алдынча дарылануу тартибинде:

- Газдын пайда болушуна байланыштуу ашказан-ичеги жолундагы бузулууларда оору белгилерин жоготууга багытталган дарылоо үчүн – мисалы, ич көбүү (метеоризм) же газдын көп чыгышы.

Дарыгердин байкоосу алдында:

- Операциядан кийин ич көбүү же газдын көп чыгышы сыяктуу газга байланыштуу ашказан-ичеги жолундагы бузулууларда оору белгилерин жоготууга багытталган дарылоо үчүн.
- Ич көңдөйүндөгү дарт аныктоочу изилдөөлөрдө көмөкчү каражаттар катары (мисалы, рентгенографияда, УДИ, эндоскопиялык изилдөөлөрдө газ издерин нивелирлөө үчүн, ошондой эле контрасттуу каражаттардын суспензияларына кошулма катары).

Эспумизан® тамчылары ымыркайларда, балдарда, өспүрүмдөрдө жана чоңдордо колдонууга көрсөтүлгөн.

**Каршы көрсөтмөлөр**

Таасир берүүчү затка же “Курамы” бөлүмүндө саналган көмөкчү заттардын бирине жогорку сезгичтик.

**Колдонуу жолу жана дозалары**

<u>Дозалоо режими</u>

Дары препаратын койгуч-тамчылаткычтын же миллилитр менен бөлүнгөн чен капкактын жардамында дозалоого болот.

25 тамчы 1 мл га туура келет (же 100 мг симетиконго).

*Газдын пайда болушуна байланыштуу ашказан-ичеги жолундагы бузулууларда өз алдынча дарылануу үчүн каражат катары*

| **Курактык топ** | **Дозасы тамчы менен** |
|---|---|
| Ымыркайлар | 5-10 тамчыдан ар бир тамактандыруунун алдында тамак бар бөтөлкөгө кошулат же ар бир эмизүүдөн мурда берилет |
| 1-6 жаш | суткасына 3-5 жолу 10 тамчыдан |
| 6-14 жаш | суткасына 3-5 жолу 10-20 тамчыдан |
| Өспүрүмдөр жана чоңдор | суткасына 3-5 жолу 20 тамчыдан |

*5-10 тамчыдан тамак бар бөтөлкөгө кошулат же эмизгенден мурда кичинекей кашык менен ымыркайга берилет.

Эспумизан® тамчылары препаратын операциядан кийин ичүүгө болот (дарыгердин байкоосу алдында).

*Сүрөт алуу менен изилдөөгө даярдоо үчүн (дарыгердин дайындоосу боюнча)*

| **Дозасы, мл менен** |
|---|
| Изилдөөгө чейин бир күн мурда тамактан кийин суткасына 3 жолу 1 мл жана изилдөө жүргүзүү күнү эртең менен 1 мл |

*Контрасттуу каражаттардын суспензияларына кошулма катары (дарыгердин байкоосу алдында)*

| **Дозасы, мл менен** |
|---|

| |
|---|
| Кош контрасттоо менен сүрөт алуу үчүн колдонулган контрасттуу каражаттын 1 л “боткосуна” 2-4 мл |

*Гастродуоденоскопияга даярдоо үчүн (дарыгердин байкоосу алдында)*

| **Дозасы, мл менен** |
|---|
| Эндоскопия жүргүзүүдөн мурда 2-3 мл |
| Эгерде изилдөөгө көбүкчөлөр тоскоол болсо, зарыл болгондо аларды эндоскоптун инструменталдык каналы аркылуу изилдөө убагында дагы бир нече миллилитр эмульсия киргизүү менен, тазалап салуу керек. |

<u>Колдонуу жолу жана узактыгы</u>
Колдонуудан мурда жакшылап чайкаңыз!
Тамчы менен так дозага жетишүү үчүн койгуч-тамчылаткычын ылдый каратып флаконду вертикалдуу кармаш керек.
Миллилитр менен бөлүнгөн чен капкак (дозалоочу түзүлүш) 30 мл жана 50 мл флакон-тамчылаткычтын бурама капкагында бекитилген. Зарыл болгондо (мисалы, 25 тамчы жана андан көптү түзгөн дозада) аны чыгарып, койгуч-тамчылаткычтын ордуна дозаны өлчөө үчүн колдонууга болот.
Эскертүү: Чен капкакты жутуп алуу коркунучунан улам балдар жетпеген жерде сактоо керек.
*Газга байланыштуу ашказан-ичеги жолундагы бузулууларда өз алдынча дарылануу үчүн каражат катары*
Эспумизан® тамчыларынтамактануу убагында же тамактангандан кийин, ал эми зарыл болгондо уктоо алдында ичилет.
Терапиялык колдонуунун узактыгы симптомдордун динамикасынан көз каранды болот.
Зарыл болгондо Эспумизан® тамчылары препаратын узак убакыт ичүүгө болот.
*Сүрөтүн алуу менен изилдөөгө даярдоо үчүн*
Эспумизан® тамчылары препараты сунушталган дозада изилдөөгө чейин бир сутка мурда жана изилдөө күнү эртең менен ичилет.
<u>Эскертүү:</u>
Жаңы даттануулар пайда болгондо жана/же даттануулар 14 күн ичинде сакталган учурда клиникалык изилдөө жүргүзүү керек.

**Кыйыр таасирлери**

Курамында симетикон бар дары препараттарына карата жогорку сезгичтик реакциялары, анын ичинде бөрү жатыш, бөртмө, эритема (кызаруу), кычышуу, аллергиялык теринин сезгениши (дерматит) жана башка тери реакциялары жөнүндө маалымдалган. Учурда болгон маалыматтардын негизинде жыштыгын баалоого мүмкүн эмес (жыштыгы белгисиз). ееееее

**Өзгөчө эскертүүлөр жана пайдалануудагы сактык чаралары**

Бул дары препаратында 1 млга 1 ммолдон аз натрий (23 мг) бар, башкача айтканда дээрлик “натрий жок” деп эсептөөгө болот.

**Кош бойлуулук, лактация жана фертилдүүлүк**

Эспумизан® тамчылары препаратын кош бойлуулукта колдонуу жөнүндө клиникалык маалыматтар жок. Дары каражатын кош бойлуу аялдарга дайындоодо этияттыкты сактоо керек.

**Унаа каражаттарын башкаруу жана механизмдерди тейлөө жөндөмдүүлүгүнө карата таасири**

Өзгөчө сактык чаралары талап кылынбайт.

**Ашыкча доза**

Азыркы убакка чейин симетиконду колдонуудагы ууулануу учурлары белгисиз. Симетикон ашказан-ичеги жолу аркылуу өткөндө сиңирилбейт жана химиялык же ферменттик кубулууга дуушар болбойт. Ушундан улам ууулануу ыктымалдуулугу жокко чыгарылат. Эспумизан® тамчылары препараты көп өлчөмдө дагы симптомдор пайда болуусуз сиңирилет.

**Эгерде Сиз Эспумизан® тамчылары дары препаратын ичүүнү унутуп калсаңыз**
Сиз дары препаратын каалаган убакта иче аласыз.
**Эгерде Сиз Эспумизан® тамчылары дары препаратын ичүүнү токтотсоңуз**
Бузулуулар кайра пайда болушу мүмкүн.

**Башка дары препараттары менен өз ара таасири жана өз ара таасирдин башка түрлөрү**
Азыркы убакка чейин белгисиз.
**Сактоо мөөнөтү**
3 жыл.
Флаконду биринчи жолу ачкандан кийин Эспумизан® тамчылары дары препараты 6 ай аралыгында туруктуулугун сактайт.
Бул дары каражатын сырткы таңгагында же этикеткада «чейин жарактуу» сөздөрүнөн кийин көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонбоңуз. Жарактуулук мөөнөтүнүн аяктоо күнү көрсөтүлгөн айдын акыркы күнү болуп саналат.
**Сактоодогу өзгөчө сактык чаралары**
30ºС дан жогору эмес аба табында сактоо керек.
Муздатууга жана тоңдурууга болбойт.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.
**Берүү шарттары**
Рецепти жок берилет.
**Таңгактын түрү жана ичиндегиси**
Этикеткасы, койгуч-тамчылаткычы, капкагы бар, уруксатсыз ачуудан коргоо менен жабдылган (айрыма шакеги бар бурама капкак) жана ага чен капкак кийгизилген 30 мл же 50 мл күрөң түстөгү флакон.
Сатууда бардык эле өлчөмдөгү таңгактар болбошу мүмкүн.
**Каттоо күбөлүгүнүн ээси жана өндүрүүчү**
БЕРЛИН-ХЕМИ АГ
Глиникер Вег 125
12489 Берлин
Германия